Кыргыз Республикасынын судьяларынын
2019-жылдын 11-мартындагы
XI курултайында бекитилген

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯСЫНЫН АР-НАМЫС КОДЕКСИ

Адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоо компетенттүү жана көз карандысыз сот тарабынан объективдүүлүктү жана калыстыкты сактоо менен камсыздалат. Ар бир судья кесиптик этикалык нормаларды сактоого, чынчылдык жана ак ниеттүүлүк менен өзүнүн милдеттерин так аткарууга, жеке ар-намысы менен кадыр-баркы жана жалпы сот бийлигинин кадыр-баркы жана бедели жөнүндө камкордук көрүүгө милдеттүү.

Судьялар Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын сот тутуму жана судьяларынын статусу жөнүндөгү мыйзамга, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине жана ченемдерине таянып, сот бийлигине жана сот адилеттигинин сапатына карата ишенимдин негизи катары судьялардын жүрүм-турум этикалык стандарттарын, ченемдерин белгилөө максатында Кыргыз Республикасынын судьяларынын Ар-намыс кодексин кабыл алышат.

## 1-глава. Жалпы жоболор

### 1-берене. Ушул Кодекс менен жөнгө салына турган мамилелер

Кыргыз Республикасынын судьясынын Ар-намыс кодекси (мындан ары - Кодекс) судьянын кесиптик жана кызматтан (соттон) тышкаркы ишмердигиндеги жүрүм-турумунун этикалык эрежелерин белгилейт.

### 2-берене. Ушул Кодекстин колдонулуш чөйрөсү

Ушул Кодекс Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына, "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жалпы таанылган эл аралык укуктардын принциптерине жана ченемдерине, ошону менен бирге соттордун жүрүм-туруму боюнча Бангалордук принциптерине негизделген.

Ушул Кодекс, баардык судьяларга, ошондой эле отставкадагы судьяларга да жайылтылат.

Эгерде, ушул Кодексте соттук этиканын кандайдыр бир маселеси жөнгө салынбаса, судья жалпыга бирдей кабыл алынган коомдогу адеп-ахлактык-этикалык жүрүм-турумдун принциптерин, ошондой эле сот адилеттигинин жана судьялардын жүрүм-турум чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарын карманууга тийиш.

Эгерде судьяларда кесиптик жана кызматтан (соттон) тышкаркы ишмердиктеги этикалык ченемдерди жана эрежелерди сактоо боюнча суроолор пайда болсо, ал Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешине (мындан ары - Судьялар кеңеши) суроо менен кайрылууга укуктуу.

### 3-берене. Ушул Кодексте колдонула турган негизги түшүнүктөр

Ушул Кодексте төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

**жакын адамдар** - жубайы, ата-энеси, балдары, анын ичинде асырап алган балдары, бир тууган ага-инилери жана эже-сиңдилери, ошондой эле багууда же толук көзөмөлүндө болушкан башка адамдар;

**судьянын жубайы** - никеде катталган адам;

**судья** - Кыргыз Республикасынын судьясынын кызматын ээлеген адам, ошондой эле отставкадагы судья;

**кызыкчылыктардын кагылышуусу** - адамдардын коомдук-укуктук милдеттери менен өздүк (жеке) кызыкчылыктарынын ортосундагы кагылышуу, мында алардын өздүк (жеке) кызыкчылыктары алардын кызматтык милдеттерди аткаруусуна таасир көрсөтөт же таасир көрсөтүшү мүмкүн, бул жарандардын, уюмдардын же мамлекеттин укуктарын жана кызыкчылыктарын бузууга алып келет же алып келиши мүмкүн;

**өздүк (жеке) кызыкчылык (таламдаштык)** - өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруунун натыйжасында өзү жана/же жакын адамдары үчүн материалдык же башка пайда алууга умтулган артыкчылык;

**процесстен тышкары кайрылуу** - конкреттүү соттук иш же соттун (судьянын) өндүрүшүндө турган материал боюнча соттун төрагасына, анын орун басарына же судьяга жазуу жүзүндө же оозеки формада келип түшкөн кайрылуу, соттук териштирүүнүн катышуучулары болуп саналбаган мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, башка органдын, уюмдун, кызмат адамынын же жарандын кайрылуусу же болбосо соттук териштирүүнүн катышуучуларынын процесстик мыйзамдарда каралбаган формадагы кайрылуусу.

## 2-глава. Судьянын кесиптик ишмердиги

### 4-берене. Көз карандысыздык принциби

Сот бийлигинин көз карандысыздыгы сот адилеттигин жүзөгө ашырууда укук үстөмдүгүн камсыздоонун конституциялык принциби, калыстыктын шарты жана акыйкат соттук териштирүүнүн негизги кепилдиги болуп саналат. Сот бийлигинин көз карандысыздыгын камсыздоо максатында, көз карандысыздык принцибин сактоо судьянын милдети болуп эсептелет.

Судья бүтүндөй коомчулукка карата жана ал карап жаткан соттук иш боюнча процесстин бардык катышуучуларына карата көз карандысыз позициясын кармануугa милдеттүү. Коомдук пикир, мүмкүн болгон эл алдындагы судьянын ишмердигин сындоо, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарында дагы, ал тараптан кабыл алынып жаткан чечимдердин мыйзамдуулугуна, негизделишине жана акыйкаттуулугуна таасир тийгизбеши керек.

Судья Судьялар кеңешине кабыл алына турган чечимге таасир кылуу максатында ага карата тике же кыйыр кысым кылуу, ошондой эле ишине кандай болбосун кийлигишүү жөнүндө жана кызыкчылыктардын кагылышуусу келип чыгышы жөнүндө билдирүүгө милдеттүү.

### 5-берене. Объективдүүлүк жана калыстык принциби

Судьянын объективдүүлүгү жана калыстыгы сот адилеттигин жүзөгө ашырууда милдеттүү шарттары болуп саналышат.

Судьянын жүрүм-туруму сот бийлигинин кадыр-баркын колдоого жана сот органдарына карата ишенимди жогорулатууга, ошондой эле коомчулуктун судьянын объективдүүлүгүнө жана калыстыгына болгон ишенимин камсыздоого түрткү болууга тийиш.

Судья өз абалын, өзүнүн статусун колдонуп, жеке максатына, жакындарынын жана башка адамдардын кызыкчылыктарын артыкчылыктуу түрдө мыйзамга каршы канааттандырууга укуксуз.

Судья процесстин катышуучулары менен болгон жеке өз ара катнаштары негиздүү шектенүүнү пайда кылган, же судьяда кандайдыр-бир артыкчылык берүү же алдын ала аныкталган мамилелер бар экендигин көрсөтүүчү жагдайларды болтурбоого тийиш жана ошол эле учурда ишти кароого жүйөсүз ар кандай шылтоо менен баш тартууга жол берилбейт.

Судья, соттук ишти калыс жана объективдүү кароого таасирин тийгизе турган ар кандай комментарийлерди берүүдөн карманууга милдеттүү.

**6-берене. Чынчылдык жана сатылбастык принциби**

Судьянын милдети:

- кызмат абалын пайдалануу менен жеке өзүнүн, үй-бүлө мүчөлөрүнүн жана жакын адамдардын ар түрдөгү баалуулуктарды жана артыкчылыктарды алууга шарт түзбөөгө;

- кызматтык милдеттерине байланышкан жеке убадаларды бербөөгө;

- өзүнүн кызматтык милдеттерин аткаруунун жүрүшүндө алынган купуялуу маалыматты жеке пайда алуунун каражаты катары колдонбоого;

- соттун кызматкерлерине жана сотко келген тараптарга карата чынчыл, жөнөкөй, сылык, адептүү, сезгич, акыйкат болууга;

- кандай гана коррупциялык аракеттер болбосун аларга каршы турууга, коррупциялык жүрүш чыдай албагандай атмосфераны түзүүгө карата күрөшүүгө;

- анын аброюна же сот бийлигинин кадыр-баркына зыян келтирүүчү чыр-чатак (жаңжал) кырдаалдарга жол бербөөгө;

- укук коргоо органдарына ага коррупциялык укук бузууларды жасоого тартуу максаттары менен кандайдыр бир адамдардын кайрылган учурлары тууралуу билдирип турууга.

**7-берене. Этикалык нормаларды сактоо**

Судья этикалык нормаларды сактоого, терс көрүнүштөрдү кетирбөөгө, ошондой эле өз кызматына байланыштуу ар кандай иш аракетиндеги терс көрүнүштөрдү алдын алууга милдеттүү.

Судья соттук териштирүүнүн катышуучуларына, ошондой эле кесиптештерине жана соттун кызматкерлерине чыдамкайлык, сылык, адептүү жана сый-урмат менен мамиле жасоого милдеттүү.

Судья соттук процесске катышуучулардын жүрүм-туруму жана соттук процесстеги берген түшүндүрмөлөр боюнча, сот процессинен тышкары эл алдында айтууга укугу жок.

Судья иш боюнча сот актысын чыгарганга чейин өз пикирин айтууга, күчүнө кирген сот актысын эл алдында шектентүүгө ашкерелөөгө укугу жок. Судья кесиптештеринин чечимин талкуулоодо токтоолук жана адептүүлүктү сактоо керек.

Судья кеңешүү бөлмөдөгү сырларды ачыкка чыгарбоого, өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда алган маалыматтарды өзүнүн жеке кызыкчылыгына пайдаланбастан сактоого милдеттүү.

Судья сот аппаратынын кызматкерлерине мыйзамга каршы жана этикага туура келбеген иш аракеттерди аргасыз жасатууга укугу жок.

Судья ишти кароодо кызыкчылыктардын кагылышуусун пайда кылуучу жагдайга катышпоосу керек.

**8-берене. Теңчилик принциби**

Ишке катышкан бардык адамдарга (тараптарга) карата бирдей мамилени камсыздоо сот адилеттигин объективдүү жана калыстык менен соттук териштирүүнү акыйкаттуу жүзөгө ашыруунун милдеттүү шарты болуп эсептелет.

Судья өз милдеттерин аткаруу учурунда сот өндүрүшүнүн бардык катышуучуларына алардын жынысына, расасына, улутуна, тилине, жаратылышына, мүлктүк жана кызматтык абалына, жашаган жерине, динге болгон мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө, ошондой эле башка жагдайлардан көз карандысыз ишти акыйкат кароону камсыздап, объективдүүлүктү жана калыстыкты көрсөтүү менен тең укуктуулукту камсыздоого тийиш.

Судья өз милдеттерин аткаруу учурунда өзүнүн диний тиешелүүлүгүн көрсөтпөөгө тийиш.

**9-берене. Компетенттүүлүк жана аракетчилдик принциби**

Компетенттүүлүк жана аракетчилдик судьянын сот адилеттигин жүзөгө ашырууда өз милдеттерин тийиштүү аткаруусунун зарыл шарттары болуп эсептелинет.

Судья ак ниеттик менен жогорку кесиптик деңгээлде өз милдеттерин аткарууга, ишти өз маалында жана квалификациялуу кароо үчүн бардык чараларды көрүүгө тийиш.

Судья мыйзамда белгиленген мөөнөттө сапаттуу жана акыйкат соттук териштирүүнү камсыздоого багытталган чараларды көрүүгө; соттук териштирүүлөрдү негизсиз кийинкиге калтырууга жол бербестен, соттук отурумдарды тийиштүү ыкмада уюштурууга жана өткөрүүгө тийиш.

Судья өз милдеттерин тийиштүү деңгээлде аткаруу үчүн дайыма өзүнүн кесипкөйлүгүн жогорулатуунун үстүндө иштеп жана аны жогорку деңгээлде сактоого милдеттүү. Ушул максатта, судья өз алдынча окуу мүмкүнчүлүгүн колдонуу менен, мыйзамда белгиленген тартипте окутуудан да өтүшү керек.

Судья эл аралык укук ченемдерин, аны менен бирге эл аралык келишимдерди жана адам укуктары тармагындагы башка актыларды билүүгө тийиш.

Судья өз милдеттерин аткаруу учурунда алынган маалыматты жайылтууга укуксуз.

Судья процессте жүрүм-турумдун жогорку маданиятын сактоого, сот отурумунда тартипти кармоого, өзүн татыктуу, чыдамкай, процесстин катышуучуларына жана сот отурумуна катышып жаткан башка адамдарга карата сылык алып жүрүүгө тийиш.

Судья сот отурумуна катышуучу баардык адамдардан жана процесстин катышуучуларынан, ошондой эле сот аппаратынын кызматкерлеринен ушундай эле жүрүм-турумду талап кылууга тийиш.

**10-берене. Уюштуруу-тескөөчү функцияларын жүзөгө ашыруу учурундагы жүрүм-турум эрежелери**

Соттун төрагасына жана соттун төрагасынын орун басарына, жогорку турган соттордун судьяларына, сот адилеттигин ишке ашырууда судьялардын көз карандысыздыгын чектөөчү аракеттерге жол берүүгө, судьяларга алардын сот адилеттигин жүзөгө ашыруусунда таасир кылуу максаты менен кысым көрсөтүүгө тыюу салынат.

Соттун төрагасы, анын орун басары сот адилеттигин жүзөгө ашырууда милдеттерин аткаруу менен бирге, ага жүктөлгөн административдик функцияларды ак ниет аткарууга, башка судьялар жана сот аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык милдеттерин аткаруу натыйжасын жогорулатууга шарт түзүүгө тийиш.

Соттун төрагасы соттун аппаратынын кызматкерлеринен кесиптик ишмердигине карата ак ниеттүү жана аракетчил мамилени талап кылууга милдеттүү.

Соттун төрагасы соттун аппаратынын кызматкерлерине карата теңсиздик мамилеге жол бербөөгө тийиш.

Соттун төрагасы судьялардын жана соттун аппаратынын кызматкерлеринин ортосунда иш жүктөмдү (жумушту) тең бөлүштүрүүнү камсыздоого тийиш.

Соттун төрагасы өзүнүн укугун кадр маселелерин чечүүдө негизделбеген дайындоолорду, кимдир бирөөнү колдоочулук кылууга, үй-бүлөлүк башкарууга жол бербей, ак ниет колдонууга тийиш.

Соттун төрагасы судьяларга жана башка адамдарга карата адептүү, сабырдуу болуп, өз аракеттерине болгон сынга карата чыдамдуу мамиле кылуусу керек, өзүнө карата сын-пикир мамилеси үчүн тике же кыйыр куугунтуктоого жол бербөөсү керек.

Кызмат боюнча кимдир бирөөнү колдоо (татыксыз мактоо, кызматтык зарылчылыктан улам пайда болбогон башка аракеттерди жасоо) сыяктуу эле, жазалабай коюуга дагы (кызматтык ишмердигинде кетирген каталарга же тартип бузганы үчүн чараларды көрбөө, мыйзамсыз аракеттерине чара көрбөө) жол берилбейт.

Судья соттун аппаратынын кызматкерлеринен мамлекеттик жарандык кызматкерлердин кызматтык жүрүм-турумунун жалпы принциптерин, жогорку кесиптик деңгээлди кармоону, жүрүм-турумдун тийиштүү нормаларын, тыюу салууларды, чектөөлөрдү сактоону, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамында көрсөтүлгөн милдеттерди аткарууну талап кылууга укуктуу.

**11-берене. Массалык маалымат каражаттары менен өз ара аракеттенүүсү**

Соттун ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгү коомдун ишеничине, сот тарабынан кабыл алынган чечимдеринин укуктук мотивдери коом тарабынан татыктуу түшүнүшүнө көз каранды.

Соттун ишмердүүлүгү боюнча объективдүү, жеткиликтүү жана тез арада коомго маалымат берүү максаты, судья тарабынан соттук басма сөз кызматы же соттук өз алдынча башкаруу органдарынын ишине көмөк көрсөтүү жолу аркылуу массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү менен өз ара аракеттенет.

Соттун ишмердүүлүгүн массалык маалымат каражаттары аркылуу чагылдырууда, судья иштин маңызы боюнча кабыл алына элек акыркы сот актыларына түшүндүрмө берүүдөн баш тартууга милдеттүү. Бирок судья каралып жаткан иштин процессуалдык баскычтары тууралуу маалымат берүү укугунан ажыратылбайт. Судья, каралган иш боюнча кабыл алынган соттук актыга оозэки жана жазуу түрүндө түшүндүрмө берүүгө укуктуу.

Судья, кесиптештеринин чечимдерине түшүндүрмө берүүдө токтоолук жана адептүүлүктү көрсөтүүгө милдеттүү.

Судья коомдук сын жоопко сабырдуулукту жана сактыкты көрсөтүш керек. Эгерде массалык маалымат каражаттарында судьялардын иш аракеттерине берилген жүйөөсүз сын пикирлердин натыйжасында сот адилеттигинин кадыр-баркына жана акыйкаттуулугуна зыян келтирилиши мүмкүн болсо, ошол учурларда, соттук басма сөз кызматы же соттордун өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, массалык маалымат каражаттарына сынга жооп түрүндө түшүндүрмө берилиши керек.

## 3-глава. Судьянын соттон тышкаркы ишмердиги

### 12-берене. Судьянын соттон тышкаркы ишмердигинин принциптери

Соттон тышкаркы ишмердикте жана кызматтан тышкаркы мамилелерде судья сот бийлигинин аброюн төмөндөтүүчү, анын калыстыгынан жана объективдүүлүгүнөн шектенүүнү жаратуучу жагдайлардын баарынан качууга тийиш.

Эгерде Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө мыйзамдарга каршы келбесе жана сот адилеттигинин кызыкчылыгына зыян келтирбей турган болсо, судья илимий, педагогикалык, эксперттик жана чыгармачылык сыяктуу эле, соттон тышкаркы ишмердиктин ар кандай түрлөрү менен алектене алат жана ар түрдүү эл алдындагы иш-чараларга катыша алат.

Судья өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарууда тоскоолдуктарды жаратуучу, судьянын көз карандысыздыгына жана калыстыгына терс таасир тийгизүүчү, судьядан баш тартуу жөнүндө арыздардын болушуна жана өзүнүн баш тартуусуна алып келе турган, же Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө мыйзамдар менен белгиленген чектөөлөрдүн чегинен чыгуучу ишмердиктин түрлөрү менен алектенбөөгө жана мындай эл алдындагы иш-чараларга катышпоого тийиш.

Судья эгерде бул аракеттер судьянын объективдүүлүгүнөн жана калыстыгынан шектенүүлөрдү жарата турган болсо, конкреттүү сот ишине катышып жаткан жактар, алардын өкүлдөрү, прокурор, адвокат, башка кызыкчылыгы бар адамдар менен баарлашууларды болтурбоого тийиш.

Судья соттон (кызматтан) тышкаркы ишмердигин жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырууда, ошондой эле социалдык тармактарды жана башка интернет басылмаларды колдонууда, сот бийлигинин аброюн төмөндөтүшү жана судьялардын кадыр-баркына зыян тийгизиши мүмкүн болгон жагдайларга жол бербей, тийиштүү сактыкты көрсөтүүгө тийиш.

### 13-берене. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүсү

Судья мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен укук, мыйзам чыгаруу, сот тажрыйбасы боюнча, бул анын жеке тажрыйбасына жана ал

адистешкен тармактагы билимине негизделген өздүк позициясын айтуу катары кабыл алына турган мерчемде өз ара аракеттенишүүнү жүзөгө ашырууга укуктуу, мында ал анын көз карандысыздыгына, калыстыгына шектенүүлөрдү жана ага көрсөтүлгөн органдардын кызмат адамдары тарабынан таасир кылуусун пайда кылышы мүмкүн болгон жагдайлардан алыс болуусу тийиш.

Судья мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле ушул органдардын жетекчилеринин ишмердигине карата эл алдында ой-пикирин айтуудан, ой толгоодон жана баа берүүдөн кармануга тийиш.

Судья укукту өнүктүрүүгө жана мыйзам чыгарууну, сот тутумун жана сот адилеттигин өркүндөтүүгө багытталган иш-чараларга катышууга укуктуу.

Эгерде бул судьялардын статусу жөнүндө мыйзамдарга каршы келбей турган болсо, судья докладдар жана лекциялар менен коомдук уктурууларга, илимий форумдарга жана конференцияларга катыша алат, макала жана китептерди жаза алат, илимий жана окутуучулук, анын ичинде акы төлөнүүчү негиздеги ишмердикти жүзөгө ашыра алат, ошондой эле укук, мыйзам чыгаруу, сот адилеттик чөйрөсүнө тиешелүү ишмердиктин башка түрлөрү менен алектене алат.

**14-берене. Кесиптик уюмдарга катышуу**

Судья өзүнүн кызыкчылыктарын жана сот адилеттигинин кызыкчылыктарын коргоо, соттордун статусун өркүндөтүү, кесиптик даярдык, өзүнүн судьялык көз карандысыздыгын сактоону өркүндөтүү үчүн соттордун ассоциацияларын жана башка кесиптик уюмдарды түзүү эркиндигине жана аларга кирүү укугуна ээ.

Аларга катышуу ыктыярдуу болгон судьялардын кесиптик уюмдары судьяларга алардын статустарына ылайык берилген укуктарын коргоого шарт түзүүгө тийиш.

**15-берене. Ишкердикке катышуу менен байланышкан чектөөлөр**

Судья жеке өзү же ишенимдүү адамдары аркылуу жеке ишкердик менен, анын ичинде уюштуруу-укуктук формасынан көз карандысыз чарба жүргүзүүчү субъектти башкаруу аркылуу, алектенүүгө укуксуз.

**16-берене. Юридикалык практиканы ишке ашыруу менен байланышкан чектөөлөр**

Судья судьялык кызматта турган мезгилинде адвокаттык жана башка юридикалык практика менен алектенүүгө, юридикалык кызматтарды көрсөтүүгө укуксуз. Ошол эле учурда судья өзүн-өзү коргоого, ошондой эле сот органдарында башка адамдарга мыйзамдуу өкүлчүлүк кылууга, өз үй-бүлө мүчөлөрүнө кеңеш берүүгө жана бөлөк юридикалык жардам көрсөтүүгө укуктуу.

**17-берене. Саясий ишмердикке катышуу менен байланышкан чектөөлөр**

Судья саясий ишмердикке катышпоого тийиш.

Судьяга кандайдыр-бир саясий уюмда болууга, башкарууга же кайсы бир кызматка ээ болууга; саясий уюмду же шайлануучу кызмат ордуна талапкерди колдоп чыгууга, ошондой эле шайлоо кызмат ордуна талапкерди эл алдында колдоого же каршы чыгууга; саясий уюм же талапкер тарабынан демөөрлөнүүчү иш-чараларга барууга; өзүнүн саясий

көз караштарын эл алдында айтууга, саясий мүнөзгө ээ болгон жүрүштөр менен демонстрацияларга же башка саясий акцияларга катышууга болбойт.

Судья мамлекеттик ишмердикке регламенттештирилбеген ачык баа берүүдөн кармануудга тийиш.

**18-берене. Пикирин айтуу эркиндиги**

Ар бир судья өз пикирин эркин билдирүү укугуна ээ.

Судья өз пикирин эркин билдирүү укугун ага анын статусуна ылайык салына турган чектөөлөр менен шайкеш боло тургандай ыкма менен жүзөгө ашырууга тийиш. Мында ал соттун абройю жана сот адилеттигинин калыстыгынан шектенүүнү жарата турган бардык учурларда сабырдуулукту көрсөтүүгө тийиш.

Судьяга сот адилеттигинин кызыкчылыктарына, анын көз карандысыздыгына жана калыстыгына зыян келтире турган эл алдындагы билдирүүлөрдү же эскертүүлөрдү айтуудан, ошону менен бирге социалдык тармактарды колдонуудан жана интернеттеги башка чыгарылыштардан кармануу керек.

**19-берене. Соттон тышкаркы ишмердикти жүзөгө ашырууга байланыштуу алына турган сыйакы**

"Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына каршы келбеген учурда, судья соттон тышкаркы ишмердикти жүзөгө ашыргандыгы үчүн сыйакы же чыгашалардын ордун толтурууну алууга укуктуу.

**20-берене. Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу**

Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкаруу кесиптик ишмердикти жүзөгө ашырууда мүмкүн болуучу кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө жоопкерчилигин өзүнө алуу боюнча аларга коюлган талаптар, ошондой эле мындай кагылышуунун бар экендиги жөнүндө жазуу жүзүндөгү же оозеки арызды жетекчиге жана Судьялар кеңешине билдирүү аркылуу жүрүп жаткан кызыкчылыктардын кагылышуусун жөнгө салуу менен билдирилет.

Судья өз үй-бүлө мүчөлөрүнө, жакын туугандарына жана башка адамдарга анын сот адилеттигин жүзөгө ашыруу ишмердүүлүгүнө таасир кылуусуна жол бербөөгө тийиш.

## 4-глава. Корутунду жоболор

**21-берене. Ушул Кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби**

Ушул Кодекске карата өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайы тарабынан Судьялар кеңешинин же Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьяларынын, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын, жергиликтүү соттун чогулушунун сунушу менен кабыл алынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайынын ушул Кодекске карата өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө чечими катышуучулардын санынын көпчүлүгү менен кабыл алынат.

**21-берене. Ушул Кодекстин күчүнө кирүүсү**

Ушул Кодекс Кыргыз Республикасынын судьяларынын курултайы тарабынан бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Кодексти кабыл алуу менен Кыргыз Республикасынын судьяларынын X курултайы менен 2016-жылдын 19-февралында бекитилген Кыргыз Республикасынын Судьясынын абийир кодекси күчүн жоготот.